Кыргыз Республикасынын Борбордук

Шайлоо Комиссиясынын Торайымы

Н.Шайлдабековага

Талас облусунун Бакай-Ата айылдык

Кенешине талапкер

Дуйшенова Айгуль Кадыркуловнадан

Жол Сай округу №6058

Тел.:

АРЫЗ

Мен Сизге арыз менен кайрылуумдун себеби томонкудо.

17-ноябрь 2024-жылы откон шайлоонун алдындагы угут иштерин жургузуудо жана 17-ноябрь шайлоо убагында Жол Сай №6058 округунан талапкер Джунусова Назгул Касымалиевна Жергиликтуу кенештердин депутаттарын шайлоо жонундо мыйзамын одоно бузду. 19-ноябрь 2024-жылы мен Б.Жунусов атындагы орто мектебинде окуган башталгыч классынын окуучуларынын ата-энелеринен Джунусова Назгул угут материалдарын окуучулар аркылуу таратканын угуп Бакай-Ата РИИБно кайрылгам. Менин арызымдын негизинде барган опергруппа билим беруу болумунун усулчусу менен кошо 4б классынын окуучуларынын кундолукторунон угут материалдарды таап алышкан. Ага далил Бакай-Ата РИИБ МККна №02064-2024-000944-01-011 сандуу материалдар топтому. Окуучулар соцпедагогдун катышуусунда кандай болгонун айтып беришкен. Класс жетекчиси Сейталиева Нуркыз 15-ноябрь куну сурот сабагында окуучулардын кундолукторун чогултуп алып «Джунусова Назгул Касымалиевна - №3» деп жазылган баракчаларды чаптап берип уйго барып ата-энелерге ушул эжекеге добуш берсин деп айткыла деген. Алар окуп буткондон кийин баракчаларды сыйрып салып орттоп койгула деген деп окуучулар айтып беришкен. Окуучулардын корсотмолору материалдар топтомунда бар. Ушул жоругу аты аталган мыйзамдын 22-беренесин бузду, 18-жашка чейинки балдарды угут иштерине катыштырууга болбойт. Кайра эле 27-берене бузулуп жатат. Угут басылмаларынын ылдый жагында кайсы деректен басылганы, канча нускада жана ким тарабынан чыгарылганы жазылыш керек эле. Бул барактар мектептин принтеринен эле чыккандай, териштируу иштери чала жургон да ушул нерсе изилденген жок. 28-беренеде жазылгандай мектептин аймагында угут иштерине тыюу салынганына карабастан сабак учурунда угут кагаздары окуучуларга таратылып жатат. Класс жетекчиси Сейталиева Нуркыз ушул барактарды Джунусова Назгул алып келип бергенин тастыктап жатат. Мындай корунуш бир эле 4б класста болгон эмес, 4а классында да таратылган, бирок кундолукторуно чапталбагандан кийин билинбей калган. Менин кубом 4а классынын ата-энеси Ташманбетова Б. баласы уйго угут кагазын алып келип бергенин тастыктап жатат (тушунук кат тиркелет). Мен 19-ноябрь саат 11.20 Бакай-Ата АШКна арыз менен кайрылдым. АШКнын торагасы Чукотаев эртеси отурум кылабыз деди. Мен ага айттым мени созсуз чакыр, озумдун куболорумду ала келем, мындан башка

фактыларымды далилдеп берем дедим. Бирок, 20-ноябрь 2024-жылы болгон отурумга мени чакырган жок, ошол куну мен бир нече жолу АШКга барсам отурум болуп жатат деп айтпай менден жаап жашырышып коюшкан. Менин дооматтарымды эч ким уккан да жок. Ушунун баары  мыйзам бузган Джунусовага чечилип жатканын далилдеп турат. Бугун 21-ноябрь 2024-жылы мен саат 12.00 барып 48 саат отуп кетти, мага чечимди бергиле десем, чечимди кечки 18.45 беришти. Бул да укугумду бузуу деп эсептейм. Мен Чукотаев Бообек мырзадан отурумдун протоколун беруунu сурандым, бирок ал эч кандай себептерди келтирбей эле протоколду бербейм деп койду. Ал боюнча видеоматериал бар.

Мындан тышкары 17-ноябрь 2024-жылы шайлоо куну угут иштери откорулбосун деп мыйзамда корсотулгонуно карабай Джунусова Назгулдун тууган-уругу мектептин сыртында туруп алышып биздин Назгулго №3 добуш бергиле деп угуттошкон. Ага далил шайлоочу Алымкулова Тынчтыкан (оозеки корсотмо берет, тел.: ) жана байкоочу Дуйшенов Нурбектин тушунук каты (тиркелет). Эгерде АШКнын отурумуна бизди катыштырса ушул жана башка далилдерди келтирип бермекпиз. Джунусова Н жана Сейталиева Н чакырышып алардан тушунук алышып, менден отурумдун отуп жатканын жаап жашырышып коюшкан. Протоколу жок чечимди карматып  коюшту. Чечимде оздору Джунусова тарабынан мыйзам бузганын тастыкташып, ага айып пул салып жатышат, бирок талапкерлигин алып коюшкан жок. Анда мыйзамды одоно бузуп деле депутат боло берсе болобу штрафын толоп коюп? Бул нонсенс болуп жатпайбы. Куноосун аныктап жатышат, менин дооматтарымды кабыл албай коюшту. Деги биздин олкодо мыйзам иштейби?

Урматтуу Нуржан Кармабековна! Ойдодо келтирилген жана Бакай-Ата РИИБнун тарабынан тастыкталган фактыларды карап чыгып, мен келтирген далилдерди эске алып «КР Жергиликтуу кенештеринин депутаттарын шайлоо жонундо» мыйзамынын бир нече беренелерин бузган Джунусова Назгул Касымалиевнанын талапкерлигин алып салууну талап кылам.

Сизди урматтоо менен Дуйшенова Айгуль Кадыркуловна.

22-ноябрь 2024-жыл.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАКАЙ-АТА АЙМАКТЫК**
**ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАКАЙ-АТИНСКАЯ**
**ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ**
**ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ**

Кыргыз Республикасы,
Бакай-Ата айылы, Манас көчөсү №83
тел./ факс:: +996 (3457)3-22-12
+996 (3457)3-22-14
**adm58@shailoo.gov.kg**

Кыргызская Республика,
с.Бакай-Ата, улица Манаса №83
тел./ факс: +996 (3457)3-22-12
+996 (3457)3-22-14
**adm58@ shailoo.gov.kg**

1/7-6 21.11 **2024-ж.**
саат: 17.20

**Бакай-Ата районунун Бакай-Ата айылдык кеңешинин №3 Жол-Сай шайлоо округунан талапкер Дуйшенова Айгуль Кадыркуловнага**

Сизге, 19.11.2024-жылдагы Бакай-Ата аймактык шайлоо комиссиясына Бакай-Ата айылдык кеңешинин №3 Жол-Сай шайлоо округунан талапкер Джунусова Назгүл Касымалиевна 2024-жылдын 17-ноябрына дайындалган үгүт мезгилинде үгүт тартиптерин бузгандыгы боюнча жазган арызыңызга Бакай-Ата аймактык шайлоо комиссиясынын отурумунун чечиминин көчүрмөсүн жөнөтөт.

**Бакай-Ата аймактык**
**шайлоо комиссиясынын төрагасы:** **Б.Чукотаев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАКАЙ-АТА АЙМАКТЫК**
**ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАКАЙ-АТИНСКАЯ**
**ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ**
**ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ**

Кыргыз Республикасы,
Бакай-Ата айылы, Манас көчөсү №83
тел./ факс:: +996 (3457)3-22-12
+996 (3457)3-22-14

Кыргызская Республика,
с.Бакай-Ата, улица Манаса №83
тел./ факс: +996 (3457)3-22-12
+996 (3457)3-22-14

adm58@shailoo.gov.kg

adm58@ shailoo.gov.kg

**Бакай-Ата аймактык шайлоо комиссиясынын**
**№ 9 - Ч Е Ч И М И**

21.11.2024-ж. Бакай-Ата айылы

**Отурумга катышкандар:**

Чукотаев Б.С. - АШКнын төрагасы
Дуйшенова Г.К. - АШКнын катчысы
Алымбеков Д.Т. - АШК мүчөсү
Шайбыров М.А. - АШК мүчөсү
Серекова С.Б. - АШК мүчөсү
Джуманалиева А.Дж. - АШК мүчөсү
Узенов У.К. - АЩК мүчөсү
Алымбеков Н.А. - АШК мүчөсү
Молдокулов А.Ж. - АШК мүчөсү
Джамакеев С.У. - АШК мүчөсү
Кокумова Г.Р. - АШК мүчөсү
Садабаев Ж.С. - АШК мүчөсү

**Күн тартиби:**

**Талас облусунун Бакай-Ата райондук ички иштер бөлүмү тарабынан үгүт тартибин бузуу боюнча 02-064-2024-000952 сандуу материалдар топтому менен таанышуу, чечим чыгаруу жана Бакай-Ата айылдык кеңешине №2-Жол-Сай шайлоо округунан талапкер Дуйшенова Айгуль Кадыркуловнанын 2024-жылдын 19-ноябрындагы арызы жөнүндө**

2024-жылдын 17-ноябрында өткөн Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоодо Бакай-Ата айылдык кеңешине №2-Жол-Сай шайлоо округунан талапкер Дуйшенова Айгуль Кадыркуловнанын 2024-жылдын 19-ноябрындагы арызында 2024-жылдын 17-ноябрында өткөн Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоодо Бакай-Ата айылдык кеңешине №2-Жол-Сай шайлоо округунан талапкер Джунусова Назгүл Касымалиевна "КР Жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоо жөнүндө" КР Мыйзамында үгүт иштери боюнча 22-, 27- жана 28-беренелеринде көрсөтүлгөн талаптарды бузгандыгы боюнча арыз менен Бакай-Ата аймактык шайлоо комиссиясына жана Бакай-Ата РИИБ кайрылган. Арыздын мазмуну Б.Жунусов атындагы орто мектебинин 4-окуучуларынын күндөлүктөрүнө талапкердин аты, бюллетендеги катар номери жазылган баракчаны чаптап, Джунусова Назгүл Касымалиевнаны шайлап койгула деп үгүт жүргүзгөн деген мааниде.

Аталган жагдай боюнча Бакай-Ата РИИБ МККна №02-064-2024-000952 саны менен каттоого алынган. Бирок КР КЖПКнин 27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктунун негизинде тергөөдөн баш тартылган материалдар топтому Бакай-Ата аймактык шайлоо комиссиясына жөнөткөн. Аймактык шайлоо комиссиясы аталган материалдар топтому менен таанышып, талапкер Джунусова Назгүл Касымалиевна жана 4-класстын мугалими Сейталиева Нуркыздан түшүнүк алынды.

Үгүт тартиптерин бузуу боюнча катталган жагдайга карата Бакай-Ата аймактык шайлоо комиссиясынын отуруму, Бакай-Ата райондук РИИБ тарабынан келип түшкөн 02064-2024-000944-01-011 сандуу материалдардын топтому менен таанышып, талкуулап, "КР Жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоо жөнүндө" КР Мыйзамынын 44-беренесин, КР Бузуулар

Кодексинин 65-беренесинин 1-бөлүгүн жана 68-беренесин жетекчиликке алып, Бакай-Ата аймактык шайлоо комиссиясынын отуруму

**Чечим кылат:**

1. "КР Жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоо жөнүндө" КР Мыйзамына 27-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, үгүт тартиптерин бузгандыгы үчүн Бакай-Ата айылдык кеңешине №2-Жол-Сай шайлоо округунан талапкер Джунусова Назгүл Касымалиевнага КР Бузуулар Кодексинин 68-беренесине ылайык, ал эми 4-класстын мугалими Сейталиева Нуркызга КР Бузуулар Кодексинин 65-беренесине ылайык айып пул салынсын.
2. Айып пул салуу маселеси КР Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын Талас жана Бакай-Ата аймактык комиссияларындагы атайын өкүлү Ашыркул уулу Кенжебекке сунушталсын.
3. Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бакай-Ата АШК төрагасы Б.Чукотаевге калтырылсын.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ БАКАЙ-АТА АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ БАКАЙ-АТИНСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

**Бакай-Ата аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы:** **Б.Чукотаев**

**Бакай-Ата аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы:** **Г.Дуйшенова**

К.Р.Б.Ш.К. Торайгыров
Н. Шайлдабековага
Бакай Ата айылынын
Кулунтак конушунун №5
үйүнүн тургуну
Ташманбетова Бермет
Болотконовнадан
Тел:

# Түшүнүк кат

Менин балам Макулбеков Эдор Б. Жунусов атындагы орто мектебинин 4 "а" классында окуйт. 15 ноябрь 2024-ж мектептен кичинекей кагаз алып келди ал кагазда Джунусова Нурул Касымалиевна №3 деп жазылган класс жетекчиси Токтоболотова Бодорчуга мектептен окуучуларына таратып апаларыңарга алып барып бергиле Нурул эжекеме шайлосун деп айтууга жиберген. Ал кагазда ким тарабынан чыгарылган жана канча нускада чыгарылганы ж.б. бир маалыматы жок-тонундо болду.

20. 11. 24-ж.
Ташманбетова. Б

К.Р.Б.Ш.К. Торагасы
Н. Шайлдабековага
Бакай Ата айылынын
тургуну
Дүйшонов Нурбек Кадыркуловичтен
Тел.:

# Түшүнүк кат

Мен Дүйшонов Н. Кадыркулович
2024-жылдын 17 ноябрында шайлоого байкоочу
Каяарык жол сай №6058 округуна катышкам
Ошол күнү шайлоочулар келип баштаганда эле
мектептин эшигинин алдында Талапкер
Джунусова Назгулдун күйөсү Джунусов Куандык,
кайнеси Джунусов Нуржигит, кайн эжелери Бараталиева
Бактыгүл, Джунусова Аида, жездеси Тыныбеков Сайык,
кайнсиндиси Джунусова Шахида жана абысындары
Назира менен Фазада Тыныбай үгүт иштерин
Джунусова Назгулдун пайдасына
жүргүзүп жатышты.
Такталап айтканда ошол күнү 14⁰⁰ чамаларында
Алымкулова Тынчтыка күйөсү эко келатканда
Назира менен Фазада кармап алышып бирин
өзүңдүн көздөгөн талапкериңе салсаң экинчисин
биздин Джунусова Назгулга салып кой деп
сурангандарын уктум. Ошол жерден жүргөн
укук коргоо органдарынын кызматкерлерине
билдиргенден кийин, алар баарысын дарбаза-
нын сыртына чыгарып салган. Бирок ал жерден
алар ого бетер кирип келаткан шайлоочуларды
кое бербей беттеринен өпкүлөп
колдорунан кармап алдында күтүштү. Мен улам шай-
лоо участкасынан чыгып караганда, бул көрүнүш
уланып турду. Апаркулов Кубатбек сыртта
машинесинин ичинен отуруп бул көрүнүштөргө
күбө болгон. Ушул көргөндөрүмдү ж/а укканымды
мен баардык жерде тастыктап берем

20.11.24.ж
Дүйшонов. Н. К.